КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯ МИНИСТРЛИГИ

С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети

Чет тилдер кафедрасы

«МАКУЛДАШЫЛДЫ»	**«БЕКИТЕМИН»**
Окуу башкармалыгынын башчысы	**Академиялык иштери боюнча**
_____ Ж.Ж. Усубалиева	**проректор _____ К.О. Омурова**
«05» 09 20___-ж.	**«05» 09 20___-ж.**

ПРАКТИКАЛЫК ГРАММАТИКА ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН ЖУМУШЧУ ПРОГРАММАСЫ

Даярдоонун багыты: 550300 – Филологиялык билим берүү

Даярдоонун профили: англис тили жана адабияты

Бүтүрүүчүнүн квалификациясы: бакалавр

Окутуу формасы: күндүзгү

НАРЫН – 2025

1. Жумушчу программа КР ББжИМнин 2015-жылдын 15-сентябрындагы №1179/1 Буйругу менен бекитилген 550300 – Филологиялык билим берүү даярдоо багыты боюнча ЖКББ МББСнын талаптарына ылайык түзүлгөн.

2. Жумушчу программаны түздү.

«Чет тилдери» кафедрасынын окутуучусу	_____ (колу)	Мамбеталиева А.М.

3. Чет тилдери кафедрасынын 2025-жылдын «02» сентябрь № 2 протоколу менен **ЖАКТЫРЫЛГАН**.

Кафедра башчысы	_____ (колу) п.и.к, доцент	Эгимбаева Ж.Б.
НББПнын жетекчисис	_____ (колу) п.и.к, доцент	Эгимбаева Ж.Б.

4. Филология факультетинин кеңешинин отурумунда 2025-жылдын «3» сентябрь № 1 протоколу менен **ЖАКТЫРЫЛГАН**.

Факультеттин деканы, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент	_____ (колу)	Таштанкулова Жеңишгүл Жээнчороевна

КИРИШ СӨЗ

Курсту окуп-үйрөнүү англис тили жана адабияты адистигинде окуп жаткан сутденттердин англис тилинин грамматикасын теориялык жактан өздөштүрүүдөгү талаптарын ишке ашырууну камсыздайт.

«Практикалык грамматика» окуу дисциплинасын окутуунун максаттык орнотмосу адистин – С. Нааматов атындагы НМУнун англис тили жана адабияты адистиги бүтүрүүчүсүнүн ишмердүүлүгүнүн милдеттерин, мазмунун жана формаларын эске алуу менен курулат.

«**Практикалык грамматика**» дисциплинасын окуп-үйрөнүү лекциялык, семинардык жана практикалык сабактарды өткөрүүнү; англис тилинин грамматикасын тереңдеп үйрөнүүгө, грамматиканы иликтөөнү жана конспектилөөнү; курста учураган формалар менен түшүнүктөрдү өздөштүрүүнү; грамматикадагы эрежелерди үйрөнүүнү айрым маселелердин үстүндө иштөөнү, грамматикалык эрежелерге карата берилген көнүгүүлөрдү иштөөнү жана кездешүүчү каталардын үстүнөн иштөөнү, грамматикага карата берилген интерактивдик оюндарды өткөрүүнү; сунушталган адабияттарды жана булактарды колдонуу менен СӨИ аткарууну жана коргоону; экзамен тапшырууну болжойт.

«Практикалык грамматика» дисциплинасы 550300 – Филологиялык билим берүү багытынын англис тили жана адабияты профилинин окуу планында кесиптик түрмөктө өзгөрүлмөлүү бөлүгүндө көрсөтүлгөн дисциплиналарда Б.1.3.10-катарда орун алган. Аны окутууга бөлүнгөн сааттардын жалпы саны – 48, дарстык сааттар – 32, семинардык саат-16, 32 саат студенттин өз алдынча ишине ажыратылган. Баары биригип 2 кредитти түзөт. Курс 4-семестрде окутулат. Дисциплинанын кредиттердеги (зачеттук бирдиктердеги) өлчөмү, аудиториялык жана өз алдынча иштөөгө бөлүнгөн сааттарын көрсөтүү менен 1-жадыбалда келтирилген.

1-жадыбал. Дисциплинанын жалпы эмгек сыйымдуулугу

Түрмөгү жана коду	Семестри	Эмгек сыйымдуулугу (кредити)	Бардыгы (сааттарда)	Аудиториялык иштин көлөмү (саат)			СӨИ	Аттестациялоо формасы
				Дарс	Прак. сабак	Лаб. иш		
Б.1.3.10.	4	2	80	32	16	-	32	экзамен

2. ДИСЦИПЛИНАНЫ ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

Курстун предмети – үйрөнүлүп жаткан тилдин грамматикасын толук өздөштүрүү жана аларды практикада колдонуу билимдери болуп саналат.

Дисциплинаны окутуунун максаты: филолог-студенттерди англис тилинин грамматикасын толугу менен өздөштүрүү үчүн берилген көнүгүүлөрдү грамматикалык формаларга жана эрежелерге таянып практика жүзүндө өзүлөрүнүн жазма жана оозеки кебинде туура, так аткаруу билимдерин калыптандыруу максатында окутулат.

Программага ылайык анын негизги **милдеттери** төмөнкүлөрдөн турат:

- тил үйрөнүүдө грамматиканын маанилүүлүгүн окутуп-үйрөтүү;
- грамматиканын эрежелери менен тааныштыруу, алардын формаларын көрсөтмөлүү түрдө көргөзүү менен тилдер менен салыштыруу;
- берилген грамматикалык формаларды эске алуу менен сүйлөмдөрдү түзүү көндүмүн калыптандыруу;
- грамматиканын теориясында көрсөтүлгөн темаларды практика менен айкалыштыруу;
- студенттердин аткарган тапшырмаларын башка студенттер менен бөлүшүүгө үйрөтүү;
- аткарылган тапшырмаларга суроолорду бергенге көнүктүрүү;
- сабакта грамматикалык эрежелердин таблица жана формула аркылуу көрсөтмөлүү аркылуу түшүндүрүү;
- берилген грамматикалык теориянын түшүнүктүү болушу үчүн аларды кыргыз же орус тилдеринин грамматикасы менен салыштырып көргөзүү.

3. НББПНЫН ТҮЗҮМҮНДӨГҮ ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН ОРДУ

«Практикалык грамматика» курсу 550300 – Филологиялык билим берүү багытынын англис тили жана адабияты профилинин окуу планында орун алган. Курс англис тилинин грамматикасынын теориялык жактан окуу менен аларды практика менен айкалыштырат, грамматиканын формаларын, эрежелерин айрымалай биле алышат, сөз байлыктары кеңейет, эне тилинин грамматикасындагы окшоштуктары жана айрымачылыктарын окуп үйрөнө алышат.

Дисциплинаны окуу планынын өзгөрмөлүү бөлүгүнө С. Нааматов атындагы НМУнун миссиясы, анын эмгек базары жана аймактык шарттар менен өз ара аракеттешүүсүнүн өзгөчөлүктөрү менен аныкталат, ал болсо курсту окуп-үйрөнүүдөн

күтүлүүчү окутуунун натыйжаларынан жана студенттер ээ болуучу компетенциялардан көрүнөт.

Курсту жеткиликтүү өздөштүрүү үчүн студент кыргыз, орус тилдеринин грамматикасы, пунктуациясы жана орфографиясы, тил илимине киришүү, англис тилинин практикалык курсу 1, 2, 3, 4., үйдөн окуу, грамматиканын теориясына киришүү, окуу жана жазуу, теориялык фонетика, практикалык фонетика боюнча билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болууга тийиш. Ошондой эле ал өз алдынча жазуу жүзүндө ар түрдүү грамматикалык көнүгүүлөрдү аткаруу билгичтиктери менен көндүмдөрүнө ээ болуусу талап кылынат. Жогорку дисциплиналарды өткөн соң студенттерде калыптандырылууга тийиштүү компетенциялар 2-жадыбалда көрсөтүлдү.

2-жадыбал. Дисциплинаны окуп-үйрөнүүгө чейин студенттерде калыптандырылган компетенциялар

Коду	Дисциплинанын аталышы	Семестри	Эмгек сыйымдуулугу, кредиттерде	Калыптандырылган компетенциянын коду
Б.1.1.1	Кыргыз (орус) тили	1, 2, 3	8	ШК-2 ШК-5
Б.1.1.2	Орус тили	1, 2, 3	8	ШК-2 ШК-5
Б.1.1.3	Чет тили (үйдөн окуу)	1, 2	6	КК-11 КК-13
Б.3.6	Тил илимине киришүү	1	3	ЖК-6, СЖМК-4, КК-11
В.3.9.1.	Үйрөнүлүп жаткан тилдин практикалык курсу 1,2,3,4.	1, 2, 3, 4	4	ШК-3, КК-11
В.3.9.1.	Үйрөнүлүп жаткан тилдин практикалык курсу 3,4	3.4	4	ШК-3, КК-11

В.3.9.7.	Үйрөнүлүп жаткан тилдин теориялык фонетикасы	4	2	ШК-3, КК-11
В.3.9.13.2.1	Үйрөнүлүп жаткан тилдин фразеологиясы	4	4	ШК-3, КК-11
В.3.9.13.5.1.	Грамматиканын теориясына киришүү	3	4	ШК-3, КК-11

4. ДИСЦИПЛИНАНЫ ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН НАТЫЙЖАСЫНДА КАЛЫПТАНДЫРЫЛУУЧУ КОМПЕТЕНЦИЯЛАР

550300 – Филологиялык билим берүү багытынын англис тили жана адабияты профили боюнча даярдалган бакалавр НББПнын максат-милдеттерине жана ЖКББ МББСда көрсөтүлгөн кесиптик ишмердүүлүктүн милдеттерирне ылайык, жалпы илимий (ЖИК), шаймандык (ШК), социалдык-инсандык жана жалпы маданий (СИЖМК), кесиптик компетенцияларга ээ болууга тийиш. "Үйрөтүлүп жаткан тилдин практикалык курсу" окуу дисциплинасын өздөштүрүүнүн натыйжасында калыптандырылуучу компетенциялардын тизмеси 3-жадыбалда көрсөтүлгөн.

3-жадыбал. Дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжасында калыптандырылуучу компетенциялардын көрсөтмөсү

Аталган дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн натыйжасында студенттерде калыптандырылуучу компетенциялар жана алардын түзүүчүлөрү 4-жадыбалда көрсөтүлгөн.

Коду	**Компетенциянын мазмуну**
КК-13	- Кошулган тилде оозеки жана жазуу жүзүндөгү кепти кабыл алуу, түшүнүү, ошондой эле көп өлчөмдүү талдоо жөндөмүнө ээ.

Аталган дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн натыйжасында студенттерде калыптандырылуучу компетенциялар жана алардын түзүүчүлөрү 4-жадыбалда көрсөтүлгөн.

4-жадыбал. Дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн натыйжасында калыптандырылуучу компетенциялар жана алардын түзүүчүлөрү

Коду	Компетенциянын аталышы	Компетенциянын түзүүчүлөрү	
ШК-3	Кошулган тилде оозеки жана жазуу жүзүндөгү кепти кабыл алуу, түшүнүү, ошондой эле көп өлчөмдүү талдоо жөндөмүнө ээ.	Билет:	-англис тилинде окууну, жөнөкөй тексттердеги сөз айкаштарын түшүнүүнү, тил каражаттарын колдонуу менен баарлашууну, грамматикалык эрежелерди туура колдонууну, жөнөкөй тексттерди эне тилине же орус тилине которууну.
		Кыла алат:	-сөздүк менен иштөөнү, транксрипцияны окууну, сөздөрдүн өтмө жана кыйыр маанилерин түшүндүрүүнү.
		Ээ болот	- англис тилинде өзүнүн оозеки жана жазуу тилин логикалык туура, жүйөлүү жана айкын куруп, грамматикалык эрежелерди сактоо менен туура сүйлөө, жазуу көндүмүнө ээ.

Дисциплинаны өздөштүрүү аяктаган соң студенттер ар бир компетенциялар боюнча конкреттүү күтүлүүчү натыйжаларга жетүүлөрү тийиш. Ар бир күтүлүүчү натыйжа конкреттүү көндүмдөрдү билүүнү, колдоно билүүнү, аларга ээ болууну камтыйт.

5. ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН МАЗМУНУ ЖАНА ТҮЗҮМҮ

5.1. 5-жадыбал. «Практикалык грамматика» дисциплинасы боюнча окуу-тематикалык план

Бөлүмдөр менен темалардын аталышы	Дарстар менен практикалык сабактардагы окуу материалынын мазмуну, аларды окутууда колдонулуучу технологиялар, студенттин өз алдынча иши (СӨИ)	Саатт ардын саны
1. Auxiliary verbs: to be, to have, to do	Дарстын мазмуну: 1.Tense forms 2. Types of auxiliary verbs	2
	Практикалык сабактын мазмуну: 1.Auxiliary verbs exercises 2. Differences between auxiliary verbs	2
	Студенттин өз алдынча иштөөсү: 1. Aixiliary verbs: to be, to have, to do	4
2. Present Tense forms	Дарстын мазмуну: 1. Tense forms 2. Differences between tenses	2
	Практикалык сабактын мазмуну: 1.Grammar exercises 2. Differences between forms	2
	Студенттин өз алдынча иштөөсү: 1.The Present Indefinite tense 2. The Present Continuous Tense	4
3. Past Tense Forms	Дарстын мазмуну: 1. Tense forms 2. Regular and irregular verbs 3. Differences between tenses	2
	Практикалык сабактын мазмуну: 1. Grammar exercises 2. Differences between forms	2
	Студенттин өз алдынча иштөөсү: 1. The Past Indefinite Tense 2. The differences between tenses	2

4. Modal verbs	Дарстын мазмуну: 1.Types of modal verbs 2. The definition of modal verbs in English 3. Equivalents of modal verbs	**2**
	Практикалык сабактын мазмуну: 1.Different types of modal verbs in English 2. The differences and similarities between English and Kyrgyz modal verbs	**2**
	Студенттин өз алдынча иштөөсү: The differences and similarities between English and Kyrgyz modal verbs (poster presentation)	**4**
5. The Pronouns	Дарстын мазмуну: 1.What is the pronoun? 2. Types of pronouns 3. The differences between the pronouns	**2**
	Практикалык сабактын мазмуну: Exercises on grammar theme on page 48(grammar copy-book)	**2**
	Студенттин өз алдынча иштөөсү: Types of pronouns and their functions (booklet)	**4**
6. The adjective	Дарстын мазмуну: 1.What is the adjective? 2. The importance of suffixes in making adjectives 3. Degrees of comparison of adjectives	**2**
	Практикалык сабактын мазмуну: Exercises on grammar theme on page 56 (grammar copy-book)	**1**
	Студенттин өз алдынча иштөөсү: 1.Degrees of comparison of adjectives 2. Types of irregular adjectives in English (poster or slide presentation)	**2**
7. The adverbs	Дарстын мазмуну: 1.What is the adjective?	**2**

	2. The imporatance of suffixes in making adjectives 3. Degrees of comparison of adjectives	
	Практикалык сабактын мазмуну: Exercises on grammar theme on page 67 (grammar copy-book)	**2**
	Студенттин өз алдынча иштөөсү: 1.Degrees of comparison of adverbs 2.What is and adverb?	**2**
8. Preposition	Дарстын мазмуну: 1.What is the preposition 2. Types of preposition 3. The role of prepositions in English	**2**
	Практикалык сабактын мазмуну: Exercises on grammar theme (grammar copy-book	**2**
	Студенттин өз алдынча иштөөсү: 1.Picture presentation about prepositions (booklet)	**2**

1.2.2. Студенттердин өздүк иштеринин темалары жана аларды аткаруу формалары (6-жадыбал)

№	Темасы	Иштин формасы	Сааты
1	Aixiliary verbs: to be, to have, to do	Англис тилиндеги жардамчы этиштердин аткарган кызматтары тууралуу презентация түзүү	4
2	The Present Indefinite tense	Жөнөкөй учур чактын формасын жана сүйлөмдөрдө ордун көрсөтүүчү презентация же буклет түзүү.	2
3	The Present Continuous Tense	Узак учур чактын жөнөкөй учур чактан айрымасын көрсөтүү менен мисалдар	2

		аркылуу презентация түзүү	
4	The Past Indefinite Tense	Англис тилиндеги жөнөкөй өткөн чактын формасын көрсөтүү аларды мисалдар аркылуу сүрөттүү буклет түзүү	2
5	Regular and irregular verbs	Англис тилиндеги туура жана туура эмес этиштердин конспектисин түзүү менен аларды жатка айтып берүү	2
6	Ative and Passive voice	Англис тилинде төл жана бөтөн сөздү туура түзүү формаларын көрсөтүүчү мисалдар менен презентация же реферат жазуу	2
7	The differences and similarities between English and Kyrgyz modal verbs	Англис жана кыргыз тилдериндеги модалдык этиштердин айрымасын көрсөтүү максатында постер презентация түзүү	2
8	Singular and plural form of nouns (poster presentation)	Англис тилиндеги саналуучу жана саналбоочу зат атоочтордун түрлөрү тууралуу сүрөттүү буклет же презентация жасоо	2
9	Types of Articles and their functions	Англис тилиндеги артиклдердин орду жана алардын аткарган кызматтары тууралуу грамматикалык	2

		эрежелерди берүү (реферат же презентация)	
10	Types of pronouns and their functions	Ат атоочтордун түрлөрү тууралуу буклет жасоо	2
11	Degrees of comparison of adjectives	Сын атоочтун салыштырма даражалары жана кыргыз же орус тилдериндеги жасалуу жолдору менен салыштырмалуу мисалдарды көрсөтүү	2
12	Types of irregular adjectives in English (poster or slide presentation	Туура эмес сын атоочтордун англис тилинде берилиши (сүрөттүү презентация)	2
13	Prepositions	Предлогдордун түрлөрү тууралуу презентацияны сүрөт аркылуу берүү	2

6. БИЛИМ БЕРҮҮ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

6.1. Аудиториялык сабактарда колдонулуучу билим берүү технологиялары

«Практикалык грамматика» дисциплинасын өтүүдө аудиториялык сабактарда лекциялык жана семинардык сабактар орун алат. Семинардык сабактардын негизги милдети – студенттерди англис тилинин грамматикасын практикалык жактан туура өздөштүрүү билимдер тутуму менен тааныштыруу. Студенттер өз ара грамматикалык темалар менен гана таанышпастан аларды көнүгүү аркылуу практика жүзүндө өздөштүрүшөт. Грамматикалык эрежелерди кайталоо менен кыргыз жана орус тилдеринин грамматикалык эрежелери менен салыштыра алышат. Чактарды айрымалоо менен формалар аркылуу сүйлөмдөрдү түзүүгө жана берилген сүйлөмдөрдү формаларга салуу менен кайсыл чактар экендигин таанып билүү менен семинардык сабактарды грамматика боюнча билимдерди өркүндөтүшөт. Окутуучу студенттердин грамматикалык эрежелерди айрымалай билүүсүн, ага карата сүйлөмдөрдү түзө алуусун, англис тилиндеги грамматикалык өзгөчөлүктөрүн айкындоо билгичтиктери менен көндүмдөрүн калыптандыруу милдетин астыга коёт.

6.2. Аудиториялык сабактарда колдонулуучу интерактивдүү билим берүү технологиялары

Семинардык сабактар англис тилинин базалык билимине ээ болуу менен бирге, ал тилдин грамматикалык түзүлүшүн, формаларын жана берилген эрежелерин активдештирүүнү камтыйт. Сабакта көнүгүүлөрдү иштөөдө жана аткарууда студенттер өз алдынча иштөөнү алдыга коёт. Лекциялык сабактарды студенттер англис тилинин грамматиксын теориялык жактан билимдерге ээ болуу менен семинардык сабактар окутуунун интерактивдүү формаларын колдонуу менен өткөрүлөт, бул студенттерге англис тилин үйрөнүүдө кызыгууну пайда кылуу менен бирге ал тилде грамматиканы туура колдонуу менен эркин сүйлөөгө, туура жазууга жана окууга жол ачат.

Ассоциативдүү жазуу – иштелген, өтүлгөн тексттин, сабактын темасы боюнча эркин, үзгүлтүксүз жазуу жана аларды талкуулоо. Ошону менен бирге сөздөрдү, фразаларды үйрөнүү менен, сүйлөмдөрдү туура жазуу жана грамматикалык эрежелерге таянуу аркылуу ишке ашырылат.

«Биргелешип издөө» дискуссиясы – окутуучу күн мурун камдаган суроолордун жардамы менен студенттердин тема, проблема же текст боюнча түшүнүктөрүн тереңдетүү максатында талкуу жүргүзүү. Ага карата түзүлгөн суроолордун жардамы менен талдоо жасоону болжойт.

Венндин диаграммасы – бири бири менен кесилишкен айлана түрүндөгү схема, ал фактыларды, көрүнүштөрдү, формаларды, чактарды салыштыруу үчүн колдонулат. Схема айырмаларды да, окшоштуктарды да аныктоого жардамдашат. Бул интерактивдуу технологияны студенттер чактарды, формаларды салыштыруу ирээтинде колдонсок болот.

Дискуссия – туура ыкмаларды гана колдонуп, формалардын кароо ишине багытталган. Бул тематикалык жана формасы корректтүү полемика.

Жуптарда иштөө –көнүгүүлөрдү жуп-жуп болуп иштөө. Тайпада иштөөнүн бир бөлүгү, этабы болуп саналат.

Кайчылаш дискуссия – эки ача суроонун негизинде, эки тараптын өз аргументтерин (жүйөөлөрүн) кезек менен келтирүүсү түрүндө так уюштурулган дискуссия.

Кичи топтордо иштөө – үч-жети кишиден турган топторго биригип, бир максатты көздөп, баарлашууда, көнүгүүлөрдү аткарууда, жазуу иштерин аткарууда жана биргелешкен ишмердүүлүктө кызыкчылыктары менен керектөөлөрү окшош болгон окуу иш-аракети. Белгилүү бир ишти аткаруу үчүн бир нече адамдын биригүүсү менен жүзөгө ашат.

Кластер- канрдайдыр бир теманын чачыранды түрдө түшүндүрмөлөнүшү. Тексттердеги негизги теманы кластерлөө, жазуу жүзүндө ашыруу жана туура жазуу.

РАФТ – студенттерди «Роль-Аудитория-Форма-Тема» жол-жобосу аркылуу өткөрүүнү болжогон чыгармачыл жазуу ишинин түрү.

Ротация усулу менен пикир алмашуу – чогуу иштөөнүн стратегиясы, дискуссиянын бир түрү, сүрөттөр менен иштөө жана аларга суроолорду берүү менен студенттердин англис тилинин грамматикасы боюнча билимдерин текшерүү.

Окуу дисциплинасынын аудиториялык сабактарында интерактивдүү формада өтүлүүчү сааттардын жалпы үлүшү 69%ды түзөт.

7. ЖЕТИШҮҮНҮ КҮНДӨЛҮК ТЕКШЕРҮҮНҮН, АРАДАГЫ АТТЕСТАЦИЯНЫН ЖАНА ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНДА ИШКЕ АШЫРЫЛУУЧУ КОМПЕТЕНЦИЯЛАРДЫН БААЛООЧУ КАРАЖАТТАРЫ

550200 – Филологиялык билим берүү багытынын ЖКББ МББСнын талаптарына ылайык студенттердин жекече жетишүүсүнүн дисциплина боюнча мерчемделген окутуунун натыйжаларына ылайыктыгын аттестациялоо үчүн баалоочу каражаттардын себили түзүлгөн (1-тиркеме). Ага 1-2-модулдун (арадагы аттестациянын, зачеттун) суроолору, ошол суроолор боюнча түзүлгөн тесттер кирет.

7.1. ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫ БОЮНЧА ТЕКШЕРҮҮЧҮ-БААЛООЧУ ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮ УЮШТУРУУ

Дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжаларын текшерүү жана баалоо окутуучу тарабынан практикалык сабактарды өтүү, ошондой эле студенттердин өз алдынча иштерди аткаруу, модулдук текшерүү, арадагы аттестация (зачет) жараянында жүзөгө ашырылат. Практикалык сабактардын мазмуну боюнча ар бир практикалык сабакта оозеки сурамжылоо (күндөлүк текшерүү) жүргүзүлүп, студенттердин оозеки жооптору салттуу шкалада да, упайлык шкалада да бааланат (мисалы, “эң жакшы” – 86-100 упай, “жакшы” – 76-85 упай, “орто” – 60-75 упай, “жаман” – 0-59 упай). Модулдук текшерүү жана арадагы аттестация (зачет) оозеки формада өткөрүлүп, ал үчүн үч суроодон турган билеттер даярдалат. Билеттер теориялык маселелерди да, практикалык мүнөздөгү тапшырмаларды да камтышат. Студенттердин билеттердин суроолоруна берген жооптору салттуу шкалада да, упайлык шкалада да бааланат (мисалы, “эң жакшы” – 86-100 упай, “жакшы” – 76-85 упай, “орто” – 60-75 упай, “жаман” – 0-59 упай). Студенттердин практикалык сабактардан жана эки модулдан топтогон упайлары жыйынтыктоочу бааны коюу үчүн жетиштүү болсо, алар арадагы аттестациядан (зачеттон) бошотулат.

(7-жадыбал)

Окутуунун натыйжалары (өздөштүрүлгөн билимдер, билгичтиктер, көндүмдөр)	**Окутуунун натыйжаларын баалоонун формалары жана усулдары**
Дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн натыйжасында студент: - грамматикалык эрежелерди туура колдонууну; - грамматиканы айрымалап, чактарды салыштыра билүүну; - чактардын формаларын туура колдонууну; - диаграмманы туура толтурууну; - сүйлөмдөрдөгү грамматикалык эрежелерди айрымалай билүүнү; - грамматикалык эрежелерди сактоо менен сүрөткө карай оозеки жана жазуу тапшырмаларын аткаруу көндүмдөрүн калыптандырууну; - көнүгүүлөрдөгү боштуктарды берилген грамматикалык эрежелерди колдонуу менен толтурууну билүүгө тийиш.	Лекциялык дептердердин толуктугун текшерүү. Семинардык сабак үчүн жумушчу дептерди текшерүү жана аны баалоо Күнүмдүк практикалык сабактарда студенттерди оозеки жана жазуу жүзүндө сурамжылоолор (көнүгүү үчүн дептерлерин текшерүү) аркылуу билимдерди баалоо Берилген көнүгүүлөрдөгү студенттердин грамматикалык эрежелерди туура колдонуп аткаруу формаларын баалоо Студенттердин өз алдынча иштөөсүнүн («Биргелешип издөө» дискуссиясы, дискуссия, жуптарда иштөө, кайчылаш дискуссия, кичи топтордо иштөө) формаларын баалоо Дисциплина боюнча практикалык сабактарда жана СӨИ катары аткарылган ар кыл жазуу иштерин (сүйлөм түзүү, грамматикалык эрежелерди

	салыштыруу көнүгүүлөрү, ассоциативдүү жазуу, баяндама, Венндин диаграммасы, РАФТ, реферат, ротация, түрдүү булактар боюнча баяндама, Т-схема,) текшерүү жана баалоо Түзүлгөн тест боюнча оозеки жана жазуу формада модулдук текшерүү жана арадагы аттестация (зачет) өткөрүү жана алардын натыйжаларын баалоо

7.2. Студенттин дисциплина боюнча модулдагы, баа коюлуучу зачеттогу (экзамендеги) жоопторун баалоо 8-жадыбал.

Модулдун баа коюлуучу зачеттун (экзамендин) баасы		Билимдерге, жазуу жана окуу иштеринин (өз алдынча иштин) аткарылыш деңгээлине коюлуучу талаптар
Упайлар менен	Салттуу шкалада	
86 - 100	5 – «эң жакшы»	«Эң жакшы» деген баа студентке, эгер ал программанын материалын терең жана чың өздөштүрсө, берилген тапшырмаларды грамматикалык эрежелерге таянып туура так аткарса, кыскача текстерге карата тапшырмаларды жазуу жүзүндө туура аткарса жана аларды оозеки так чагылдырса, кыскача параграфтарды түзө алса, өтүлгөн тема боюнча суроолорго так жооп бере алса, текстеги жаңы сөздөрдүн маанилерин билсе жана ал сөздөрдү оозеки жана жазуу тапшырмаларында колдонсо, сүрөттөргө карай кыскача параграфтарды түзө билсе, практикалык тапшырмаларды аткаруунун ар тараптуу көндүмдөрү менен ыкмаларына ээ болсо, жазуу иштеринде 1 мазмундук так эместик, 1-2 кептик так эместик учураса, 1 орфографиялык, же 1 пунктуациялык, же 1 грамматикалык ката кетсе коюлат. Баа коюуда окуу

		дисциплинасына ылайык келүүчү компетенциялардын калыптангандыгы эске алынат.
76 - 85	4 – «жакшы»	«Жакшы» деген баа студентке, эгер ал материалды бекем билсе, аны сабаттуу жана мазмундуу жазуу жүзүндө баяндаса, суроого жооп бере алса, грамматикалык эрежелерди так колдонуу менен бир аз каталарды кетирсе да, татаал сөздөрдү туура жазса жана ар турдуу жазуу жана окуу көнүгүүлөрүн бир, эки ката кетирсе, жазуу жана окуу иштеринде 2 мазмундук так эместик, 3-4 кептик так эместик учураса, 2 орфографиялык жана 2 пунктуациялык, же 1 орфографиялык жана 3 пунктуациялык, же 4 пунктуациялык жана 2 грамматикалык ката кетсе коюлат. Баа коюуда окуу дисциплинасына ылайык келүүчү компетенциялардын калыптангандыгы эске алынат.
60 - 75	3 – «орто»	«Орто» деген баа студентке, эгер ал берилген текстерди түшүнүп, бирок грамматикалык эрежелерди туура колдонуу менен жазуу жана окуу иштеринде ката кетирсе, кыскача параграфты түзүүдө кыйынчылыктарды башынан кечирсе, өтүлгөн темалар боюнча берилген суроолорго так жооп бере албаса, сүрөттөргө карай параграфтарды толук түзө албаса, жазуу иштеринде 4 мазмундук так эместик, 5 кептик так эместик учураса, 4 орфографиялык жана 4 пунктуациялык, же 3 орфографиялык жана 5 пунктуациялык, же 7 пунктуациялык жана 4 грамматикалык ката кетсе коюлат. Баа коюуда окуу дисциплинасына ылайык келүүчү компетенциялардын калыптангандыгы эске алынат.

0 - 59	2 – «жаман»	«Жаман» деген баа студентке, эгер ал программалык материалдын чон бөлүгүн билбесе, маанилүү каталарга жол берсе, практикалык иштерди ишеничсиз, чон кыйынчылыктар менен аткарса, жазуу жана окуу иштеринде орфографиялык, пунктуациялык жана грамматикалык каталар арбын кездешсе коюлат. Баа коюуда окуу дисциплинасына ылайык келүүчү компетенциялардын калыптангандыгы эске алынат.

8. КАЛТЫРЫЛГАН САБАКТАРДЫ КАЙРА ТАПШЫРУУНУН ТҮРЛӨРҮ ЖАНА ФОРМАЛАРЫ

Студент аудиториялык сабактарга катышпаган учурда, ал ошол аудиториялык иштин программасын жана мазмунун өз алдынча өздөштүрүп, жумушчу дептерине өзү калтырган көнүгүү дептерин жана конспектисин жазып окутуучуга көрсөтөт, ошондой эле жумушчу дептерине өзү калтырган практикалык сабактын суроолоруна окуу-усулдук, грамматика боюнча көнүгүү китептеринен жоопторду таап жазып, аны окутуучуга оозеки жана жазуу тапшырат, өзү калтырган тема боюнча СӨИ (студенттин өз алдынча ишин) аткарып, аны окутуучунун астында коргойт. Эгер модулга же зачетко чейин ушул иштерди аткарбаса, студент модулдук текшерүүгө жана зачетко киргизилбейт.

а) Негизги адабияттар

1. K.N.Kachalova, E.E.Israelovich. English Grammar. Moscow 1996
2. Raymond Murphy. English Grammar in Use – Cambridge University Press, 1992
3. Christina Latham-Koenig, Clive Oxenden. English File –elemantary – Oxford University Press, 2002
4. Christina Latham-Koenig, Clive Oxenden. English File –pre-intermediate – Oxford University Press, 2002
5. English Grammar. Moscow, 1998

б) Кошумча адабияттар

1. Christina Latham-Koenig, Clive Oxenden. English File –intermediate – Oxford University Press, 2002
2. Christina Latham-Koenig, Clive Oxenden. English File –upper-intermediate – Oxford University Press, 2002
3. Headway Pre-Intermediate. Oxford

4. Н. Амосова. Основы английской фразеологии. Л., 1963
5. Л. Бархударов. Очерки по морфологии современного английского языка. М., 1975
6. Л. Бархударов. Структура простого предложения современного английского языка.
7. М., 1966
8. Л. Бархударов, Д. Штелинг. Грамматика английского языка. М., 1994
9. М. Блох. Теоретическая грамматика английского языка. М., 1994
10. М. Блох. Теоретические основы грамматики. М., 2002
11. M. Blokh. A Course in Theoretical English Grammar. M., 1983

10. Дисциплинаны окуу-усулдук камсыздоонун каражаттары:

1. Проектор; 2. Ноутбук же нетбук; 3. Колонкалар; 4. Экран; 5. Флипчарттар (ватман) жана маркерлер. 6. Грамматикалык эрежелер боюнча таблицалар. 7. Сөздүктөр

11. Студенттердин алган билимдерин текшерүү үчүн модулдук жана текшерүүчүлүк тесттер

.

«Бекитемин»
Чет тилдери кафедрасынын башчысы
п.и.к._доц._____Эгимбаева Ж.Б.
«___» _____20___-ж.

I модулдун тести

1. Asan ____ a second year student at the University.
   a) am b) is c) are
2. Where ____ my dresses, I couldn't find?
   a) am b) is c) are
3. Nazira and Akmat ____ a new car.
   a) do b_ has c) have
4. Where ____ you go yesterday?
   a) do b) has c) did
5. I ____ writing an essay now.
   a) do b) am c) have
6. There ____ an art gallery in our town.
   a) am b) is c) are

7. There ____ so many beautiful flowers in the garden.

a) am b) is c) are

8. What are you ____ to do tomorrow?

a) go b) going c) went

9. Yesterday my mother ____ an expensive T-shirt for me.

a) buy b) bought c) buys

10. The students ____ come to the class.

a) did b) doesn't c) didn't

11. My brother doesn't _____.

a) work b) works c) worked

12. There is a bird ____ the sky.

a) on b) in c) under

13. John, where is my new handkerchief? It is ____ the table.

a) above b) from c) on

14. Where are you from? I am ____ At-Bashy.

a) in b) at c) from

15. Teachers ____ the students.

a) teaches b) teach c) teached

16. Marat ___ to the shop everyday. But, Asel and Janyl ___ to the super market everyday.

a) went, go b) go, went c) goes, go

17. My car is ____ than your car.

a) clean b) cleaner c) the cleanest

18. Aisuluu is the ____ student in our group.

a) better b) best c) gooder

19. The students _____ now, because they have exams soon.

a) are work hard b) are working hard c) were worked

20. I am ____ and ____ a test.

a) siting, blinking b) standing, flying c) sitting, writing

2-тест

1. I always get up ___ 8 o'clock in the morning.

a) at b) in c) on

2. We sometimes go to the supermarket _____ my mother.

a) from b) with c) about

3. There ____ many flowers in the flower shop.

a) am b) is c) are

4. There ____ a kinder garden near here.

a) am b) is c) are

5. My car is _____ than your car.

a) new b) newer c) the newest

6. Asan is the _____ student in this group.

a) good b) better c) best

7. Find the comparative and superlative forms of these adjectives.

Good-

Few-

Many-

Expensive-

8. Find the past forms of these verbs.

Go-

Open-

Understand-

Find-

Buy-

9. What ____ you do yesterday?

a) do b) did c) does

10. Where ____ you going now.

a) do b) are c) did

11. I am _____ on the chair.

a) sit b) sat c) sitting

12. ____ they buy a new present?

a) did b) does c) have

13. I _____ football and basketball everyday.

a) playing b) played c) play

14. Two weeks ago Zaryl and Gulzat ____ to Bishkek.

a) go b) went c) gone

3-тест

1. I ____ to the library everyday.

a) go b) does c) am

2. My mother ____ work at the office.

a) don't b) doesn't c) isn't

3. They always _____ up at 8 o'clock in the morning.

a) play b) got c) get

4. Sometimes we go ____ the supermarket.

a) in b) on c) to

5. There are many flowers ____ the vase.

a) in b) on c) to

6. Yesterday they ____ from Turkey.

a) went b) came c) flown

7. Find the comparative and superlative forms of these adjectives.

Many-

Old-

Dirty-

Understandable-

8. Find the past forms of these verbs.

See-

Close-

Read-

Lose-

Bring-

9. John, where is my new handkerchief? It is ____ the table.

a) above b) from c) on

10. ____ they buy a new present?

a) did b) does c) have

11. I am ____ and ____ a test.

a) siting, blinking b) standing, flying c) sitting, writing

12. My car is ____ than your car.

a) clean b) cleaner c) the cleanest

13. Aisuluu is the ____ student in our group.

a) better b) best c) gooder

14. The students ____ come to the class.

a) did b) doesn't c) didn't

Write the comparative forms of these adjectives.

Hot

Short

Difficult

Beautiful

Noisy

Thin

Near

Easy

Rich

Write comparative sentences

Naryn/Bishkek (big)

Driving/flying (dangerous)

My English/your English (bad)

This chair/that chair (comfortable)

Her husband/her (young)

Buses/trains (cheap)

French wine/English wine (good)

Write the opposite superlative adjectives.

The hottest_____

The biggest_____

The lowest_____

The cheapest_____

The youngest _____

The easiest_____

The wettest _____

The ugliest_____

The richest _____

Complete the sentences with a superlative. Use the adjectives in brackets.

1. I am _____ in my family. (tall).
2. That house is _____ in the street. (old)
3. The Scots make _____ whisky in the world. (good)
4. This is _____ building in the city. (famous)
5. This is _____ part of the country. (hot)
6. He's _____ student in the class. (bad)
7. Chinese is one of _____ languages to learn. (difficult)
8. It's _____ dress in the shop. (pretty)

True or false

1. Brown eggs are healthier than white eggs.
2. Mosquitoes are more dangerous than sharks.
3. The Earth is hotter than Mars
4. Tigers are better swimmers than cats.
5. An adult is shorter in the morning than in the evening.
6. White cars are safer than yellow cars.

4-тест

1. I _____ go to see the doctor last week because I was very ill.
   a) Must b) must to c) had to d) had
2. I _____ go now because I am already late for my class.
   a) Must b) have c) have to d) had to
3. Do you _____ clean the house every day or every week?
   a) Must b) have c) have to d) had to
4. When will you _____ come and see us in our new house?
   a) Can b) be able to c) must d) have to
5. Asel _____ believe her eyes. She saw a man beating his wife on the street!
   a) Couldn't b) must c) should d) could
6. You _____ be serious? You want me to go skydiving with you on Saturday? No way, my friend!

a) Could b) should c) can't d) shall

7. She ____ be crazy! She wants to backpack through the Asan by herself.

a) Could b) can c) must d) shall

8. You ____ be able to catch a ride with Jim. You should ask him before he leaves the office.

a) Could b) may c) can d) can't

9. This is a large, luxurious house! It _____ cost a pretty penny.

a) Can b) can't c) must have d) shall

10. Our son, Ted, _____ use a new car because his old car is always breaking down on him. So, we're going to buy him a brand-new car for his birthday.

a) Will have b) could c) could have d) wouldn't have

11. Find out nouns which used with both singular and plural verbs.

a) Foliage b) police c) group d) people

12. Find out proper nouns.

a) London b) dog c) family d) cotton

13. Find out the noun which we use it as countable and also uncountable noun?

a) Music b) book c) blood d) hair

14. Some nouns are usually uncountable in English but often countable in other languages. Choose which one.

a) Paper b) behavior c) boys d) wine

15. Choose the abstract noun.

a) Sight b) team c) paper d) cattle

16. Find out personal pronoun.

a) His b) you c) such d) no

17. Find out possessive pronoun.

a) Your b) you c) yourself d) which

18. Find out reflexive pronoun.

a) I b) each other c) each d) yourself

19. Find out demonstrative pronoun.

a) She b) none c) each d) such

20. Find out reciprocal pronoun.

a) One another b) mine c) same d) each

Эскертүү: Арадагы аттестациянын (зачеттун) суроолору 1-2-модулдун суроолорун толук камтыйт.